# Бүтүрүүчүнүн компетенциялары.

**060108 "Фармация" адистиги боюнча бүтүрүүчү ушул мамлекеттик билим берүү стандартынын 11 жана 16-пункттарында көрсөтүлгөн негизги кесиптик билим берүү программасынын максаттарына жана кесиптик ишмердүүлүктүн милдеттерине ылайык төмөнкү компетенцияларга ээ болушу керек:**

**Жалпы:**

**ЖК1**. Кесиптик маселелерди аткаруу жолдорун жана усулдарын тандап алардын сапатын эффективдүүлүгүн баалап жеке ишмердүүлүктү уюштура алат.

**ЖК2.**Стандарттык жана стандарттык эмес абалдарда жоопкерчилик жана инициатива көрсөтүү менен чечим кабыл алат, көйгөйлөрдү чечет.;

**ЖК3**. Инсандык жана кесиптик өнүгүүдө кесиптик маселелерди аткарууда зарыл болгон тастыкталган медицинанын негизинде изденип интерпретациялоо жана маалыматты пайдалана алат.

**ЖК4**. Кесиптик ишмердүүлүгүндө маалыматтык коммуникациялык технологияларды колдонот.

**ЖК5**-Жетекчилик, кесиптештер, кардарлар менен эффективдүү баарлашууга топтордо иштөө жөндөмү

**ЖК6.** Топ мүчөлөрүнүн иш аракеттерине, аларды үйрөтүүгө (кол алдында иштегендерди) жана аткарган иш аракеттери

**ЖК7.** Кесиптик ишмердүүлүктө эмгек шартынын өзгөрүүлөрүнө калыптанып кесиптик өнүгүү жана өзүн өзү башкаруу;

**ЖК8.** Уюштуруу башкаруу иштерине даяр болуп кичине жамаатта иштөө жөндөмү

**ЖК9**-Мамлекеттик жана расмий тилде оозеки жана жазуу түрүндө социалдык баарлашуу денгеелинде бир чет тилин билүү, оозеки сүйлөөдө медициналык терминологияны сабаттуу колдонот жана грек латын тилдерине ээ болуу жөндөмүнө ээ (греко-латинский).

**ЖК10**. Тарыхый мурастарды жана калктын социалдык маданий жана религиоздук салттарына этият мамиле жасайт.

**Кесиптик: Уюштуруучулук.**

**КК1**-Фармацевтикалык ишмердүүлүктө ченемдик документтерди колдоно билүү

**КК2**. Санитардык гигиеналык режимди, эмгекти коргоо техникалык коопсуздукту жана орт коопсуздугунун эрежесин сактайт.

**КК3.** Рецепт менен жана рецептсиз дары дармектерди медицинада колдонулуучу буюмдарды жана башка аптекалык товардык ассортиментерин калкка жана ден соолукту сактоо уюмдарына берет.

**КК4.** Дарыкана уюмдарда маркетингдин жана мерчандайзингдин негиздерин колдоно билет.

**Өндүрүштүк.**

**КК5.** Рецепт менен дары (формаларын)түрлөрүн жана ден соолукту сактоо уюмдарынын талаптары менен жасап ички аптекалык жасоолорду даярдайт, дары дармектерди тангактайт жана аларды берет.

**КК6.** Табият ресурстарын рацианалдуу колдонууну эске алуу менен нормативдик документтин негизинде дары өсүмдүк чийки заттарын пайдалануу жолдорун билет, даярдоону уюштурат

**КК7.** Приборлорду аппараттарды кичинекей механикалык буюмдарды, аптека идиштерин жууп тазалап стерилдөөдө мыкты колдонуу.

**Аналитикалык.**

**КК8.** Рецептин туура жазылгандыгын курамындагы ингридиенттердин дал келүүсүн, жазылган өлчөмдүн бейтаптын жашына дал келүүсүн, колдонуу өзгөчөлүгүн, рецептеги өлчөмдөрдүн жогорку көрсөтүлүшүн аныктоо жөндөмү.

**КК9**. Дары каражаттарынын ички дарыкана текшерүүнүн милдеттүү түрлөрүн жана колдонуу мөөнөтүн көзөмөлдөөнү билүү.

**КК10.** Дарыкана товар ассортименттеринин кыймыл процессин анализдеп жана биринчи учет отчеттук документтерин түзөт.

**Башкаруучулук.**

**КК11.** Дарыкана уюмдардын структуралык бөлүмдөрүнүн жумушун уюштурат жана алыскы айыл жерлеринде жогорку билимдүү фармацевтин жок кезинде башкарат.

**КК12.** Нормативдик документтин талабына шайкеш дарыкана товарларынын ассортименттерин дары өсүмдүк чийки заттарын, дары каражаттарын сактоону кабыл алууну уюштурат.

**Консультациялык-маалыматтык.**

**КК13.** Дарыкана товар ассортименттерин калкка жана ден соолук сактоо уюмдарынын кызматкерлерине билдирет.

**КК14.** Биринчи медициналык жардамды көрсөтүү.

Кошумча КК:

**ККК1.** Кесиптик ишмердүүлүктө адам анатомиясын, физиологиясын жана жалпы паталогиясынын негиздерин билүү жөндөмү.

**ККК2.** Жалпы функционалдык биологияны билүү жөндөмү